
# АКШ ДОЛЛАРЫНЫН КОРГОО БЕЛГИЛЕРИ

*Улуттук банк, Кыргызстандын аймагында жасалма АКШ долларынын таркатылышына жол бербөө максатында калк үчүн атайын АКШ долларынын негизги коргоо белгилерин маалымдайт:*

## АКШ ВАЛЮТАСЫНЫН 50 НОМИНАЛЫНДАГЫ ДОЛЛАРДЫН НЕГИЗГИ КОРГОО БЕЛГИЛЕРИ




1. **Суу белгиси:** жарыкка салып кароодо банкноттогу портретке дал келген каралжын, бозомук түстөрдүн айкалышында чагылдырылган атайын суу белгиси.

2. **Түсүн өзгөрткөн боёк** - банкнотту өйдө-ылдый кыймылдатып көрүүдө «50» деген номиналдын санынын түсү кызгылт – сары түстөн жашыл түскө өзгөрөт.

3. **Коргоо тилкеси:** банкноттун кагазына киргизилген «50 USA» деген жазууну жана АКШ мамлекетинин желегин «50» деген санын камтыган тилке жарыкка салып кароодо үзгүлтүксүз болуп көрүнөт.

4. **Микротекст:** «THE UNITED STATES OF AMERICA» деген майда жазуу президенттин көйнөгүнүн жакасында, «FIFTY» деген майда жазуу банкнотанын эки четинде тикесинен турган кооз рамканын ичинде, портреттин сол жагындагы Федералдык резервдик системасынын мөөрүнүн оң жана сол жагында жайгашкан эки жылдыздын сүрөттөлүшүндө «50 USA FIFTY» деген майда жазуулар камтылган.

5. **Металл жылтырагын камтыган боёк**: жылдыздын сүрөттөлүшү (эркиндиктин символу) көгүш – күмүш түстөй жалтылдап, металл жылтырагын камтыган боёктой көрүнөт.




*АКШ долларынын негизги коргоо белгилери боюнча толук маалыматты АКШ мамлекетинин басып чыгаруу казначействосу жана гравировка бюросунун веб - сайтынан төмөнкү дарегинен таанышсаңыз болот: www.moneyfactory.gov*

*Чет өлкө валюталарын экспертизага кабыл алуу Адилет министрлигине караштуу Соттук экспертизалардын мамлекеттик борборунда ишке ашырылат (т.66-78-63, дареги: Бишкек ш., Ж. Боконбаев атындагы көч. 97-үй).*